УДК:130. 2 (575.2) (04)

***Алымбаев А.М.**,*
*тарых илимдеринин кандидаты,*
*ага илимий кызматкер*
***Алымбаев А.М.**,*
*кандидат исторических наук, старший научный сотрудник,*
*Институт философии НАН КР*
***Alymbaev A.M.**,*
*senior researcher*

***Салморбекова Р.Б.,***
*социолог. илим.докт., профессор*
***Салморбекова Р. Б.,***
*доктор социологических наук, профессор*
***Salmorbekova R.B.,***
*doctor of sociological sciences, professor*

***Нусубалиева Г.Б.**,*
*философия илимдеринин кандидаты*
***Нусубалиева Г.Б.**,*
*кандидат философских наук*
***Nusubalieva Gulzat Bekturovna**,*
*PhD in Philosophy*

*Институт философии, права и социально-политических исследований им. А.А.Алтмышбаева*

*А.А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту*
*Institute of Philosophy, Law and Socio-Political Research them. A.A. Altmyshbaeva*

# КЫДЫР МЕНЕН МУСА ПАЙГАМБАРДЫН ЖОЛУГУШУУСУ:

## Философиялык аспект

# ВСТРЕЧА КЫДЫРА С ПРОРОКОМ МУСА:

## Философский аспект

# THE MEETING OF KYDYR AND THE PROPHET MOSES:

## Philosophical aspect

**Аннотация**. Семит пайгамбары Мусанын Кыдыр менен болгон жолугушуусу ислам адабияттарында чагылдырылган, бирок, кеңири чөйрөгө белгилүү эмес. Көпчүлүк окурмандар Кыдырды ислам динин бир мифтик персонажы катары элестетишет. А чынында, Кыдыр - арий коомунан ислам коомуна келип кирген элементтердин бири. Ошондуктан анын исламдагы орду так эмес: ал кээде пайгамбар катары айтылса, кээде жолдон адашкандарды колдоочу пир, кээде мүрөк суусун ичип, өлбөс болуп калган адам катары сүрөттөлөт. Кыдыр башка коомдон келген адам экени жана анын илими семит пайгамбарларынан алда канча жогору турары ушул макалада айтылат.

**Аннотация.** Встреча семитского пророка Мусы с Кыдыром описана в исламской литературе, но не получила широкой известности. Большинство читателей представляет Кыдыра как мифическую фигуру ислама. По сути, Кыдыр является одним из элементов, вошедших в исламское общество из арийского общества. Вот почему его место в исламе неясно: то он упоминается как пророк, то описывается как дух, поддерживающий заблудших, то как человек, ставший бессмертным, выпив воды мути. В этой статье говорится, что Кыдыр — человек из другого общества и что его знания намного превосходят знания семитских пророков.

**Abstract.** The meeting of the Semitic prophet Musa with Kydyr is described in Islamic literature, but was not widely known. Most readers present Kydyr as a mythical figure in Islam. In fact, Kydyr is one of the elements that entered the Islamic society from the Aryan society. That is why his place in Islam is unclear: sometimes he is mentioned as a prophet, sometimes he is described as a spirit that supports the lost, then as a person who became immortal by drinking mudi water. This proverb says that Kydyr is a person from a different society and that his knowledge is far superior to that of the Semitic prophets.

***Негизги сөздөр:*** *Кыдыр, Муса, Умай эне, Угуз хан, Улус, ходэр, пайгамбар, олуя ж.б.*

***Ключевые слова****: Кыдыр, Муса, Умай эне, Угуз хан, Улус, ходэр, пророк, вещий ж.б.*

***Keywords:*** *Kydyr, Musa, Umai ene, Uguz khan, Ulus, hoder, prophet, prophetic w.b.*

Байыркы кыргыз дүйнөтаанымында Кыдырдын (Хызыр) орду өзгөчө айтылат. Мен таятамдан кичинемде: “Улуулардан уккан кепке караганда, кыргыздар Кыдыр ата менен Умай энеден тараган урпактар болгон экен” деп айткан сөзүн укканым бар эле. Бул сөздүн маанисин кичинемде түшүнгөн эмесмин. Кыдыр тууралу китептен окуп, ал сөздүн маңызын эми талдап отурам. Кийин Сарлан бабамдын: “Кыргыз – кайыптан бүткөн касиеттүү эл. Биз – Кыдыр ата менен Умай эненин урпактарыбыз”деген сөзүн дагы бир эшиткем. Демек, бул сөз илгери эл арасында кенири айтылган. Тарыхты карасак, “Биз Умай эненин балдарыбыз, биз умай-бектерибиз” деген сөздү байыркы кыргыз хандары айтышкан. Алардын “умай-бек” деген титулдары болгон. Ал эми “Кыргыз кайыптан бүткөн”, “Кыргыз Кыдыр колдогон эл”, “кызырлуу Кыргыз” деген сөздөрдү 1990-жылы жазда азыркы Өзбек Республикасына караштуу Жизак облусунда жашашкан кыргыздардын санжырасын жыйнап жүргөн учурда көп уктум. Ал тууралу “Үркөр, үркөр – топ жылдыз” деген макаламда жазып, гезитке жарыялагам.

Ошентип, Кыргыз, Кыдыр атаны, адамзаттын энеси болгон Умай эне менен тең катар кеп кылат. Кыдыр тууралу арий адабияттарында түшүндүрмө берген сөздүктөрдө: “...байыркы арий кудайларынын бири”, “ислам динindеги мифтик образга ээ пайгамбар”, “мүрөк суусун ичип, өлбөс болуп калган адам”, “пир”, “колдоочу” катары баяндалат. Биздин изилдөөлөр, Кыдыр чын эле байыркы арий коомуна таандык жогорку кастанын (кырг: “билги”, инд: “брахман”, ир: “маг” ж.б.) башчысынын наамын билдирген термин экенин тастыктоодо. Кыскартып айтканда, “улуу билги” (“улуу бакшы” – “башкы маг”) деген маанини билдирген жрецтик наам. Сыягы “кыдыр” наамын алыш үчүн башка билгилерден жана бакшылардан айырмаланып, кыдыр наамына ээ болгон адам өзгөчө билимдин ээси болгону шексиз. Байыркы цивилизацияны изилдешкен адамдар Арий цивилизациясын Атлантида цивилизациясынын уландысы катары карашат. Ал тууралу убагында Н.Рерих, Е.Блаватская ж.б. өздөрүнүн эмгектеринде баса белгилешкен. Демек, алгачкы арий билгилери (бакшылары) өздөрүнүн кийин-

ки урпактарынан айырмаланып, азыр бизге белгисиз илимдерди алып жүрүшкөн адамдар болгон. Изилдөөчүлөрдүн жазгандарына караганда, ал коомдо адамдар алыстан эле бири-бири менен ой (телепатия) аркылуу сүйлөшө алышкан, керек болсо бир аралыктан экинчи бир аралыкка учуп барышкан ж.б. Демек, алар денелерин да бир абалдан экинчи абалга өткөрө алышкан. Бул биздин коомдун кулагына жомок сыяктуу угулат. Кыргыз коомунда да Кыдыр дал ошондой билимге жана касиетке ээ адам катары айтылат. Ал адамдарга ар кандай көрүнүштө кезигет: кээ бир адамдарга абдан бай адам болуп көрүнүп, кээ бир адамдарга абдан жакыр, кайырчы адам болуп жолугушу мүмкүн.

Кыдыр семит коомуна тиешелүү адам эмес экени ал тууралу кеп кылган мусулман адабияттарынан да көрүнүп турат. Бирок, мусулман коому ал тууралу сөз болгондо, “мүрөк суусун ичип алып, өлбөс болуп калган олуя”, “пайгамбар”, “жолоочуларды жана адашкан адамдарды колдоочу пир” катары баяндашат. Анын кандай экени жана канчалык денгээлде семит коомуна тиешелүү экени Муса пайгамбар менен болгон жолугушууда ачык көрүнөт. Бул уламышты жазган жана аны комментариялаган адам – мусулман дүйнөсүнө кенири белгилүү Осман Нури Топбаш деген түрк аалымы. Ал бул уламыш тууралу өзүнүн “Пайгамбарлар тарыхы” деген китебинде минтип баяндайт:

“Еврейлерди Египеттен алып чыккандан кийин Муса аларды кырк жыл чөлдү кыдыртып, көчүрүп алып жүрдү. Пайгамбардын кадыр-баркы жана өз коомуна кылган кызматы абдан чоң болгондуктан, анын ар бир айткан акыл-насааттарын, накыл сөздөрүн эл тыңшап угар эле. Анын акылына, илимине көптөр таң калар эле. Бир күнү эл ичинен бирөө тура калып: “Эй Кудайдын улуу пайгамбары, ушу жер жүзүндө сенден аалым, сенден да көп билген киши барбы?” деп сурады. Анда Муса: “Андай адамды азырынча жолуктура элекмин” деп жооп берди. Ошол маалда кулагына Кудайдан айтылган кабар угулду: “Эки деңиз кошулган жерде накта илимди менден алган бир пендем бар, адамдардыңдан бир мыктысын тандап алып, ага барып жолук”[1]. Ал пенде Кызыр (алейхиссалам)[2] эле**.**

Ошондо Муса Кудайдан кайра сурады: “О Кудай, ал адамды кайдан, кантип табам?” Кудай ага: “**туздалган жансыз балыкты** баштыгына салып алып жолго чык” деди. Анан ошол балык тирилип, деңизге карай ыргыган жер эки деңиз кошулган жер болорун, дал ошол жерде ал Кыдырга жолугарын айтты.

Муса жакын досу Юша бин Нунду жанына алып, айтылган тарапка карай сапар тартты. Жолго чыгарда Мусанын коому ага кайрылып: “Сен өз коомунан безген, мартабасы сенден да төмөн адамды издеп баратасың. Аны издеп дагы канча жер кезесиң? Андан издегениң өзүңдө бар эмеспи?” - деди. Анда Муса өз коомуна минтип айтты: “Сураныч: Күн менен Айдын жолун тоспогула! **Мен пайгамбарлыктын Айымын, Кызыр болсо олуялыктын Күнү**. Менден жогору турган пайгамбарлар бар болгон сыңары, Кызыр дагы олуялардын арасында эң жогорку даражада турат”[3]. Анан дагы сөзүн улап: “Мен доордун султаны аталган бир олуя менен таанышуу үчүн эки деңиз кошулган жерге баратам. Ага качан жолугам билбейм? Чындыктын жана илим-билимдин (марифат) чокусуна жетүү үчүн узак сапарда болом”.

Ошентип, жол жүрүп баратып, бир жерге келип, чаалыгып, чарчашкан экөө деңиздин жээгине эс алып отура кетишет. Үйдөн чыккандан бери катуу ойлонуп келаткан Муса көзү илинип, уктап кетет.

---

[1] *Осман Нури Топбаш. Пайгамбарлар тарыхы. –Бишкек: “Башак” басмасы. 2007, 228-230-бб. Которгон А.Халбеков.*

[2] *Осман Нури Топбаш. Пайгамбарлар тарыхы.....228-230-бб.*

Жолдошу Нун болсо деңизге тигилип, карап отурат. Ошол маалда баштыктагы балыкка жан кирип, баштыктан жылмышып чыгат да, деңизге секирип, кирип кетет.

Дал ошол учурда Муса ойгонуп, кагынып тура калат да: “...тур кеттик, дагы көп басабыз, жолубуздан калбайлы” дейт. Муса пайгамбар ойгонгон кезде анын сөзүнө алаксып кетип, Нун балык жөнүндө айтууну унутуп калат. Бир канча узап кеткенден кийин анан эстеп, аны Мусага айтат. Экөө кайра артка кайтышат.

Акырында экөө издеген адамын тоонун чокусунда чепкенин желбегей жамынып отурган жеринен табышат. Аяр басып келип салам беришет.

“Мен Мусамын” дейт пайгамбар

“Демек, Исраил урпагынын пайгамбары Мусасың” дейт Кыдыр.

“Адамдардын тендешсиз улуу аалымы деп Тенир айткан адам сенсиңби?” деп Муса Кыдырга суроолуу карайт.

“Эй Муса, Кудай сенде жок илимди мага берген, менде жок илимди сага берген”.

Муса ага: “Туура жолду табуу үчүн жана Кудай тарабынан сага берилген илимди үйрөнүү үчүн сени ээрчисем деген оюм бар” дейт.

Анда Кызыр ага минтип айтат: “Чынында, мени менен чогуу жүрүүгө сенин чыдамың жетпейт. Сен бул боюнча бышып жетилген эмессиң. Анткени, бул илимдин негизи сага берилген эмес. Ички дүйнөсүн аңдап түшүнө албаган нерсеге сен кантип сабыр кыласың?”.

Муса пайгамбар: “Кудай буйруса, менин сабырдуулугумду көрөсүң. Кандай иш болсо да сага каршы чыкпаймын” дейт көгөрүп. Анда **Кыдыр**: “Анда мындай, эгер мени ээрчий турган болсоң, сага мен өзүм айтмайын, менден эч нерсе сурабайсың” дейт. Экөө макулдашып, жол жүрүп кетишет.

Жолдо баратып, бир кемеге түшүшөт. Кемеге түшөрү менен эле **Кыдыр** анын **бир жерин тешип коёт**. “Бул эмне кылганың? Кемедеги адамдар чөгүп кетпейби?” дейт Муса чыдай албай. Ага **Кыдыр**: “Мени менен чогуу жүрүүгө сенин сабырдуулугуң жетпейт деп айтпадым беле” дейт. Муса ыңгайсызданып: “Унутуп калыпмын, ал үчүн мени айыптаба, бул иш үчүн мени жазалап, машакатка салба” дейт.

Кайра жол тартышат. Бир жерден бир бала жолугат. **Аны Кыдыр ошол замат өлтүрөт**. Муса: “Бейкүнөө баланы өлтүрдүң, чын эле жаман иш болду” дейт. Кыдыр болсо: “Айтпадым беле, сен мени менен чогуу жүрө албайсың, ага чыдамың жетпейт” дейт. Муса ыңгайсызданып, чын дилинен: “Эгер дагы бир жолу жаңылышсам, анда мени өзүңө жолдош кылба” деп жооп айтат.

Кайра жол тартышат. Бир шаарга туш келишет. Тамак сурашса, алар конок кылуудан баш тартышат. Анан ошол жерден кулайын деп калган бир жаман тамга келип түнөшөт. Ал жерде эки жетим бала жашай турган. Эрте менен туруп, Кыдыр дубалды түздөп уруп, үйдү тургузуп коёт. “Менимче, бул ишиң үчүн акы алсаң туура болор эле” дейт Муса. Анда Кыдыр: “Мына ушул сурооң экөөбүздү эки жакка ажыратат. Эми сенин сабырың жетпей сураган нерселердин жандырмагын айтайын” дейт.

“Бей-бачаралардыкы экенине карабай кемени тешип салганым, алардын арасында башка кемелерди талап-тоноп, тартып алуучу бир **падыша** бараткан болчу. Ал эми тигил мен өлтүргөн баланын ата-энеси момун адамдар эле. Бала чоңойсо, аларды дининен баш тарттырып, каапырлыкка зордоп киргизмек. Андан көрө Кудайдан башка бала берүүнү тилек кылдык. Ал эми

[3] *Осман Нури Топбаш. Пайгамбарлар тарыхы.....250-б.*

дубал болсо, шаардагы эки жетим баланыкы эле. Дубалдын түбүндө алардын атасынан калган казына бар болчу. Атасы таза, момун киши болгон. Алар чоңойгондо, тигил казынаны таап алып, бай болуп жашашын кааладым. Ушулардын баарын мен Кудайдын буйругу менен ишке ашырдым" деди Кыдыр.

**Касбий илиминдеги** маселени терең түшүнүү үчүн берилген суроолор **ладуний илимине** туура келбейт. Анткени, **бул илим жүрөктүн эргүүсү менен алынган ойлордон куралган.** Ал адамдын жеке шык-жөндөмүнө жараша алынат. Ошондуктан окуучу акыл-эс жана зиректикти өстүрүү менен бирге напсини тизгиндеп, тарбиялоого да олуттуу маани бериши керек. Пайгамбарлардын пайгамбары Мусанын **ладуний илимди** үйрөнүү үчүн Кыдырга барышы – ал анын кемчилиги эмес. "Бул болсо, Кудай илимдеринин алдында пайгамбарлардын да алсыз экенин эске салат". **Мухаммед пайгамбарга Мусанын да, олуя Кызырдын да илимдери кошо берилген**. Ошондуктан ал улуу пайгамбар. Аларга суктануу менен өз убагында Мухаммед да: "**О улуу Кудай, мени да алардын арасына кош**" деп жалынган экен.

Муса менен Кыдырдын окуяларында, "пенделер окуялардын жана болуммуштардын себептерин билген соң гана араң аңдай алат" деген талылуу маселе жатат. Автордун пикири боюнча, "мисалы, акылдын бир топ маселелерди же негизги себепсиз окуяларды аңдай албашы, кудум көз менен кулакка окшош. Анткени, көз белгилүү бир чектен ары жагындагы нерселерди көрө албайт, кулак дагы белгилүү аралыктан узаган сайын уга албай, алсырагандан алсырай берет. **Акыл да ошондой, белгилүү чектен ары жагын аңдай албай, башка нерселерге кайрылууга муктаж болот**".

**Осман Нури Топбаштын** жазганы боюнча, "эми Кыдырдын окуясына акыл менен аныктама бере турган болсо, анда мындай: кемени тешип, кедей-кембагалдардын өмүрүнө коркунуч келтирүү, аларга залымдык кылуу деп гана баа берилет. А акыйкатта, кембагалдардын тиричилигин өткөрүүгө себепкер болуп турган жалгыз кемени карасантай каракчылардын тоноп алышына тоскоол болуу эле. Анан жанакы жаш жигиттин өлтүрүлүшү куру акылдын терезесинен күнөөсүздүн жанын кыйуу болуп көрүндү. Бирок ары жакта, ал жигиттин нукура момун ата-энесинин акыреттик жашоосун коргоого алуу деген кашкайган чындык жатыптыр. Ошол эле учурда жанакы терезеден караганда, конок кылуудан баш тарткан айылдын дубалдарын тикелеп койуу тек гана акылга карама-каршы келет. Бирок окуянын түпкүрүндө кароосуз калган эки жетим балага ташталган аманатты коргоо деген акыйкат жатат. Эгер ал дубал урап түшкөндө, балдар чоңойо электе эле андагы байлык айылдын ач көз тоноочуларынын колуна өтүп калмак.

Бул окуялардагы жагдайлардын сырлары **ладуний** (жүрөктүн) илиминин күчү менен алынган натыйжалар. Анткени, тагдырдын сырын акыл менен аныктап, билүүгө болбойт. **Тагдырды алдын ала билүү адам баласынын акыл-эсинин күчүнүн жеткен чегинен бир топ эле жогору.** Ушул окуяга байланыштырып төмөнкү хадисти **Бухарий** баян кылат: "Кудай Мусанын артын кайырлуу кылсын. Эгер сабыр кылганда, Кызыр ага дагы канчалаган ажайып нерселерди үйрөтөт эле" (Бухари, Анбия, 27.)[4]

Э. Шюре жазгандай: "Религия отвечает на запросы сердца, отсюда ее магическая сила, наука – на запросы ума, отсюда ее непреодолимая мощь. Но прошло уже много времени с тех пор, как эти две силы перестали понимать друг друга.

---

[4]*Осман Нури Топбаш. Пайгамбарлар тарыхы.....228-230-бб.*
[5]*Шюре Э. –Великие посвященные. –М.: изд. "Пилигрим-Пресс". 2004, С. 10.*

Религия без доказательств и наука без надежы недоверчиво и враждебно стоят друг против друга, бессильные победить одна другую"[5].

"Наука занимается только одним физическим миром: нравственная философия потеряла всякое влияние над умами; религия еще владеет до некоторой степени сознанием масс, но она уже потеряла всю свою силу над интелигентными слоями европейских обществ"[6].

Биз кайрадан Угуз бабабыздын "наамы" же "даражасы" жөнүндөгү сөзгө келели. Чынында, эпос боюнча, анын "наамы" же "даражасы" – "хан", "каган". Бирок, ушул убакка чейин биздин изилдөөчүлөр маани бербей келаткан дагы бир сөз бар. Ал: "кыдыр" ("кызыр") деген сөз. Бул сөз эмне маанини билдирет? Угуз бабабыздын: "Менин ысмым – "Угуз" экенин билгиле, менин наамым "**кыдыр**" экенин билгиле" дегени эмнени түшүндүрөт?

Кыдырдын ысмы мусулман адабияттарында "ал-Хадир" (ал-Хидр) деп айтылат. Мисалы, ал тууралу айтылган маалымат мындай: Хадир - ислам мифологиясында Исламга чейинки, Жакынкы Чыгышка таандык көптөгөн образдардын мүнөздөрүн өзүнө сиңирген персонаж. Куранда бул персонаж тууралу эч нерсе айтылбайт. Бирок, ага комментарий бергендер бир ооздон аны "Алланын кулу" деп кеп кылышат.

Энциклопедиялык сөздүктөрдө: "Кыдыр, Кызыр (арабча: хызыр – "жашыл" түс.) адамдарга жакшылык кылуучу, адамдарды колдоочу олуя. Түрк, Иран элдеринин жомокторунун байыркы кейипкерлеринин бири, көбүнчө "жашыл тончон", ак ат минген аксакал карыя түрүндө сүрөттөлөт. Бул табышмактуу пайгамбар өлбөстүн дарысын издеп, акыры мүрөк суусунун булагын тапкан экен. Орто Азия элдеринин түшүнүк, ишениминде *"Кыдыр түбөлүк жер кезип жүрөт, адашкан жолоочуларга, кедей-кембагалдарга жана кыйын кезеңге туш келген бардык пенделерге жардам көрсөтөт. Ал жолоочу, дубана, майып киши, кээде тааныш кишинин кебетесинде кездешет. Кыдырдын оң колун кармап, анын "баш бармагынын" сөөгү жок экенинен таанууга болот"* деп эсептешет. Түрк элдеринин эпосторунда Кыдыр акылман карыя, баатырлардын колдоочусу катары сүрөттөлөт. «Манас» эпосунда бул кейипкер Манас баш болгон баатырларга колдоо көрсөтүүчү катарында "40 чилтен" менен бирге учурайт[7].

Бирок, илимий изилдөөлөр эпосто ислам динин кейипкери болгон Кыдыр эмес, арий коомунда башкы жрецтик милдетти аткарган Кыдыр тууралу болуп жатканын көрсөтүүдө. Арий коомунда "улуу билги" (башкы бакшы, же башкы жрец-Б.Т.) кызматын аткарган адамды "ходар" же "зодар" (зоатар) деп айтышкан. Бул адамдар чынында эле касиеттүү болуп төрөлүп, байыркы арий цивилизациясына тиешелүү көпчүлүккө белгисиз сырдуу илимге ээ адамдар болушкан. Семит диндеринде Муса пайгамбар менен Кыдырдын жолугушуусу тууралу айтылган баянда Кыдырдын Муса пайгамбардан артыкчылыгы көрүнөт. Анткени, биринчиден, Кыдыр илимди Кудайдын өзүнөн алган (Аны Кудай өзү айтып жатат). Экинчиден, Кыдыр Мусага эмес, Муса Кыдырга шакирт болуп, илим үйрөнгөнү келет. Бирок, тилекке каршы Кыдырдын алдын ала: "...мени менен чогуу жүрүүгө сенин чыдамың жетпейт. Сен бул илимди алууга даяр эмессиң. Бул илимдин негизи сага берилген эмес. Ички дүйнөсүн аңдап түшүнө албаган нерсеге сен кантип сабыр кыласың?" деп айтканы туура келди.

Чынында, Кудай тарабынан Кыдырга улуу илимдин сырлары берилген эле. Бирок, ал билген илимдин сырларын пайгамбарлар билишпейт болчу. Анткени, анын сырларын ачуу касиети аларга берилген эмес. Ал илимди алып жүрүү жана өстүрүү

---

[6]*Шюре Э. –Великие посвященные. С. 10.*

[7]*«Манас» энциклопедиясы /Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т. - 440 б.*

милдети Кыдырга жана андан тараган урпактарга берилген эле. Дал ошол Кыдырга берилген илимди өстүргөн европалыктар илим менен Адамды Жерден Асманга алып чыгышты. Дал ошол илимдин күчү менен ачылган ачылыштардын натыйжасында адамдар бүгүн жерде отуруп, ааламды аралап учуп бараткан спутниктерди башкарып, алардын ишмердигин көзөмөлдөп турушат. Азыр адамзат колдонуп жаткан машиналар, самолеттер, компьютерлер да дал ошол Кыдыр атага берилген илимдин касиети менен табылган натыйжалар. Демек, илим динден да жогору турган касиет экенин ушул баянда айтылган ойдон улам билүүгө болот. Осмон Нуринин жазганы боюнча, Мухаммед пайгамбарда жогорку эки касиет тең бар болгон экен. Ал бир эле убакта пайгамбар катары кудайтаануу илимин (дин) да жана кыдыр катары ааламтаануу илиминин сырларын да билген. Космос - Тенирдин денеси, анын көзгө көрүнбөгөн экинчи жарымы анын духу. Демек, адам ааламды изилдеп жатып, ошол эле убакта Кудайдын да сырларын ачат.

Биз кеп кылган жогорку баяндын өзү – Кыдырдын окумуштуу, илимпоз, өзгөчө касиетке ээ олуя, көзү ачык, улуу устат экенин айтып турат. Ошентип, анын сыноосунан Иегово кудайынын улуу элчиси, “пайгамбарлардын пайгамбары” Муса да өткөн жок. Шарт бузулуп, аны аягына чейин аткара албаган Муса Кыдырдын окуучусу боло албады, анын эч бир пайгамбар билбеген илимин да үйрөнгөнгө сабыры жетпеди. Динди изилдеген илимпоздордун айткандарына караганда, Кыдыр көптөгөн пайгамбарлардын гана эмес, Мухаммед пайгамбардын да устаты жана кеңешчиси болгон[8].

Кыдырдын образы мусулман адабияттарында кандай көп жазылса, эл оозунда да, дал ошондой эле кеңири белгилүү болуп, көп айтылган. Кыдырдын ысмы ислам адабияттарында Кадыр, Кадар формаларында учурайт. Анын ысмы “**бийлик”, “күч-кубат**” деген маанилерди билдирет[9]. Мусулман мифологиясынын маалыматы боюнча, Кыдырдын эң башкы касиети – анын «өлбөстүгү» болуп саналат. Аны семит аалымдары Илияс пайгамбар менен окшоштурушканы да ошондон улам. Жогоруда айтылгандай, Кыдырдын ысмы – “жашыл” түстү түшүндүргөн ысмы анын өсүмдүктөр дүйнөсү менен байланышы бар экенин көрсөтүп турат. Мусулмандар аны ошондой эле “деңиз саякатчыларынын колдоочусу” деп да эсептешет. Индияда “кожо Кыдырды” (варианттары: “хожа Хидр”, “хожа Хизр”) “аккан суулар менен кудуктардын духу” деп билишет.

Аны ысмын кара кыргыздар – “Кыдыр-ата”, ал эми кыргыз-казактар “Хызыр” деп айтышат[10]. Орто Азия элдери аны көрүшкөн кишиге батасын берип, бактылуу бай адам кылган, касиеттүү аксакал адам кейпинде элестетишет. Көптөгөн мусулман өлкөлөрүндө, ал адамдарды өрттөн, суу ташкындарынан, уурулуктан, жыландын жана чаяндардын чагып алышынан коргогон колдоочу дух катары белгилүү.

Жапан мифологиясында “ходэри” деген мифологиялык персонаж бар. Анын ысмы – “хо” – “от”, - “дэри” – “тэру” деген сөздөн алынган, “жаркыраган”, “жарык болуп турган” дегенди түшүндүрөт. Негизи, “ходэри” – “жаркыраган от”, “жалындаган от”[11] дегенди түшүндүрөт. Миф боюнча, Ходэри, Ниниги кудайы менен Конохана Сакуя-хименин никесинен төрөлгөн үч бир туугандын бири. Ал -мергенчи болуп кеткен Хooриден айырмаланып, өзүнүн бактысын деңизден тапкан балыкчы.

Ошол эле убакта, “деңиз саякатчыларынын колдоочусу” болгон Хыдыр менен

[8]*Мифы народов мира, т.-2., с.576.*

[9]*Человековедение. 2-т. Учебник. -2001. С.318.*

[10]*Поярков Ф. Этнографическое обозрение. 1891. С. 29. \\ Киргизы. Этнологический очерк. Записки З. Сибирск.отд. Импер. Рус. Географ. Общ. Кн.Y11.вып.2.1885.*

[11]*Мифы народов мира, т-2., с.594.*

“деңиз ээси” (“балыкчы”) Ходэринин аттарынын жана кылган кызматтарынын окшоштугу – экөө түбү бир болгон эмеспи деген ойго түртөт.

Ригведада Кыдыр “хоатар” же “хотр”[12] деп айтылат да, “башкы жрец”, “улуу бакшы”, “башкы билги” дегенди түшүндүрөт. Бул сөз Авестада “заотар” [13] формасында айтылат.

Кыргыз эли, бактылуу, бай адамды “Кыдыр колдогон”, “Кыдырдын батасы тийген адам” деп айтат. Алыскы жолго чыккан адамга: “Жолуң шыдыр, жолдошуң Кыдыр болсун” деп бата берип узатат. Кыдыр адамдын ысмы жана колдоочу, пири катары да айтыла берет.

Эртең “Улустун улуу күнү” деген түнү жаштар уктабай, от жагып отуруп алышып, эртеси күн чыкканча оюн-зоок менен өткөрүшкөн. Анткени, бул түнү Кыдыр ата куржунун ийнине салып, жаңы жылдын символу болгон жашыл чапан кийген жаш баланы ээрчитип, дүйнөнү кыдырып, түнү менен балдарга белек-бечек таратат. Эски жыл менен Жаңы жыл алмашып аткан түн ыйык эсептелип, “кыдыр түн” деп айтылган. Бул салт кийин ислам канондоруна кирип, Орозонун 27-күнү тосулчу “кадыр түнгө” айланып кеткен. Арат элдеринде жаш бала ээрчиткен Кыдыр ата, славян элдеринде “жаш кыз” ээрчиткен Аяз ата кейпине келген.

Ислам хадистери боюнча, “ушул түнү асмандан Куран түшүрүлгөн” деп айтылат. А бирок, ислам салты боюнча, жылда Орозого жараша бул күн өзгөрүп турат. Ал эми Теңирдин улуу майрамы болгон Жаз майрамын биздин ата-бабалар 21-марттын кечинен баштап “кыдыр түнүн” тосуп, жаңы жылдын биринчи күнүн 22-мартта Күн менен учурашкандан кийин улантып майрамдап келишкен.

“Улустун улуу күнү”, балким адегенде: “Угуздун улуу күнү” деп айтылгандыр? Анткени, адегенде “Улустун улуу күнү” 11-февралда, кышкы чилде чыккан күнү белгиленгени айтылат санжыраларда. Ошондуктан, келечекте “Улустун улуу күнүн” өз мезгилинде (11-февраль күнү) майрамдап, 21-мартты “Угуздун улуу күнү” деп атасак туура болор беле деген ой келет. Дал ушул күн Угуз бабабыз негиздеген Теңир дүйнө таанымынын “улуу күнү”, “оңдун – солго”, же “солдун – оңго” оодарылып аткан күнү. Эски – Жаңыга, Суук – Ысыкка, Кыш – Жазга алмашып аткан күн. Бул күн - Теңирдин күнү. Бул күн - түбөлүк жок болбой турган улуу күн.

Ошентип, улуу Бабабыздын наамы “кыдыр” эмнени билдирерин тактоого аракет кылдык. Жалпылап, бүгүнкү күнү колдонуп жүргөн термин менен айтканда: “кыдыр” – “олуя” дегенди билдирет. Башкача айтканда, арат (арий) коому өзүнүн пайгамбарларын “кыдыр” (хоатар, зоатр) деп айтышкан. Ошентип, Угуз бабабыз - өзүнүн “ысмын” гана эмес, “наамын”, башкача айтканда, касиети боюнча өзүнүн ким экенин да өзү айткан касиеттүү каган.

Абулгазы Бахадурдун санжырасында дагы мындай маалымат айтылат: “Угуздун тили чыгып жүргөндө “Алла”, “Алла” деп ар дайым айтар эле. Ар ким эшитсе айтар эле: бала тили келбестиктен, не айтарын билбей айтып турганы деп. Анын себеби “Алла” сөзү араб тилидир. Магулдун эч атасы араб тилин эшиткен эмес”[14].

Бул жерде, тарыхты билген адамга “Теңир” теоними “Алла” менен алмашып айтылып жатканы ачык эле көрүнүп турат.

---

*[12]Блаватская Е.П., Теософский словарь, 537-бет., М., “Золотой век...”, 1994г.*

*[13]Заратустра. Учение огня. Гаты и молитвы. –М.: ЭКСМО-Пресс. 2022. С-17. 2. Литература древнего Востока. – М., Московсий университет. 1984. С-317.*

*[14]Кыргыздар, 1-том, 9-бет. Түрк санжырасы, кырг. Которгон Ч.Өмүралиев*

Анан да Аллага байланышкан сюжет кийин кошулган. Анткени, дастандын түп нускасы болгон “Огуз наме” эпосунда дин тууралу эч кандай маалымат жок.

**Адабияттар**

1. *Блаватская Е.П.* Теософский словарь. – М.: “Золотой век”, 1994.

2. *Өмүралиев Ч.,* Осуят, \\ Жыйнак: Кыргыздар, –Б.: Кыргызстан, 1993.

3. Манас энциклопедиясы. –Б.: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы. –1995. 1-т.

4. Мифы народов мира. Энциклопедия В 2 томах. редактор Токарев, С.А. Издательство: – М.: Советская Энциклопедия; Издание 2-е. – 1991 - 1992 г.

5. *Осман Н.Т.* Пайгамбарлар тарыхы. – Бишкек: “Башак” басмасы, – 2007. Которгон А. Халбеков.

6. *Поярков Ф.* Этнографическое обозрение. –1891. \\ Киргизы. Этнологический очерк. Записки З. Сибирск.отд. Импер. Рус. Географ. Общ. Кн. Y11.вып.2. – 1885.

7. Человековедение. 2-т. Учебник. – Душанбе.: –2001.

8. *Шюре Э.* Великие посвященные. – М.: Пилигрим-Пресс. –2004,